
## ЭКОЛОГИЯ, КЛИМАТ ЖАНА АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА

# ДИНИЙ БУЛАКТАРДЫН АНАЛИТИКАЛЫК БАЯНДАМАСЫ

2025






КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ДИН ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИК

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ

MOVE GREEN

unitar United Nations Institute for Training and Research

NDC PARTNERSHIP

Бул аналитикалык баяндама Кыргыз Республикасынын диний ишмерлерине, мамлекеттик органдарына жана жарандык коом институттарына багытталган практикалык курал болуп саналат. Ал жаратылышка аяр мамиле кылуу жана экологиялык жоопкерчиликти калыптандырууда диний булактардын ролун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Баяндамада исламдык булактардын - Куран аяттары менен Пайгамбардын хадистеринин - жаратылыш, айлана-чөйрө, аны сактоо жана адамдын ага болгон жоопкерчиликтүү мамилеси тууралуу айтылган бөлүктөрүнүн системалаштырылган талдоосу берилген.

Документ экология темасына байланышкан тиешелүү диний мазмундарды бириктирип, агартуу жана билим берүү иштеринде колдонууга негиз боло алат.

Аналитикалык отчет «MoveGreen» коомдук уюму тарабынан ишке ашырылган «Кыргызстандагы диний коомчулуктарда климаттык билимди, маалымдуулукту жана активдүүлүктү жогорулатуу» долбоорунун алкагында даярдалды. Долбоор КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин, КР Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттигинин, БУУнун Окутуу жана илимий-изилдөө институтунун (UNITAR), ошондой эле «Улуттук деңгээлде аныкталган салым» (УДАС/NDC) демилгесинин колдоосу менен ишке ашырылууда.

## “КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ ЖАМААТТАРДЫН АРАСЫНДА КЛИМАТТЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ, МААЛЫМДУУЛУКТУ ЖАНА АКТИВДҮҮЛҮКТҮ ЖОГОРУЛАТУУ”

## I КИРИШҮҮ

Климаттын өзгөрүшү - бул XXI кылымдагы глобалдык чакырыктардын бири болуп саналат. Ал эми Кыргыз Республикасынын климаттык өзгөрүүлөргө дуушар болушу - экологиялык, социалдык жана маданий туруктуулукка олуттуу чакырык жараткан факторлордун бири. Борбор Азиядагы тоолуу өлкө катары Кыргызстанда суу ресурстарынын азайышы, жайыттардын деградациясы, абанын булганышы жана табигый кырсыктардын көбөйүшү сыяктуу көрүнүштөр климаттык өзгөрүүнүн кесепетин тереңдетүүдө. Бул жагдайда жарандардын климаттык билим деңгээлин жогорулатуу жана жамааттык жоопкерчиликти күчөтүү - улуттук коопсуздук жана туруктуу өнүгүү үчүн маанилүү багыт болуп саналат.[1]

Мамлекеттик деңгээлде бул багытта укуктук негиздер да бекемделген. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-беренесине ылайык, ар бир жаран экологиялык таза чөйрөдө жашоого укуктуу жана жаратылышка аяр мамиле кылууга милдеттүү.[2] Ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө”[3], “Экологиялык экспертиза жөнүндө”[4] жана “Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жалпы техникалык регламент”[5] мыйзамдарда жаратылыш ресурстарын коргоо, экологиялык тобокелдиктерди алдын алуу жана коомдук жоопкерчилик принциптери так көрсөтүлгөн.

Бул укуктук база - климаттык билимди жамааттар аркылуу жайылтууга шарт түзүп, мамлекеттик саясат менен коомдук аң-сезимдин ортосундагы көпүрө катары кызмат кыла алат.

Кыргызстандагы диний кызматкерлер - коомдук турмуштун маанилүү субъектиси катары - элдин аң-сезимине, жүрүм-турумуна жана баалуулуктарына таасир этүүдө өзгөчө ролго ээ. Айрыкча Ислам дини - өлкө калкынын басымдуу бөлүгүнүн ишеним тутуму катары - экологиялык адеп-ахлак, табиятка болгон мамиле жана жаратылышты сактоо маселелеринде терең руханий негиздерди сунуштайт. Куранда жана хадистерде

---

[1] 2022-ж., 20-мартта Кыргызстанда климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүүдө илимдин ролу боюнча биринчи улуттук диалогдо жогорудагы көйгөйлөр көтөрүлгөн. *Маалымат үчүн: https://www.undp.org/ky/kyrgyzstan/press-releases/kyrgyzstanda-klimattyn-ozgorushuno-karshy-kuroshuudo-ilimdin-rolu-boyuncha-birinchi-uluttuk-dialog-ottu*
Кыргызстанда климаттык билим берүүнүн ролу тууралуу эл аралык уюмдун аналитикалык баяндамасы; Бул багытта алып барылган иш-аракеттер боюнча 2024-ж.,12-июнь айында “Мектептер 2030”: Климаттык өзгөрүүлөргө кашы турууда мектептин ролу” аталышындагы форум. *Маалымат үчүн*: https://kutbilim.kg/news/inner/mektepter-2030-klimattyk-zg-r-l-rg-karata-turuktuuluktu-kamsyz-kyluuda-mektepterdin-rolu/ Кирүү датасы: 04.11.2025
[2] КР Конституциясы, 49-берене.
[3] https://cbd.minjust.gov.kg/218/edition/6734/kg Кирүү датасы: 04.11.2025
[4] https://cbd.minjust.gov.kg/219/edition/638848/kg Кирүү датасы: 04.11.2025
[5] https://cbd.minjust.gov.kg/202693/edition/956378/kg Кирүү датасы: 04.11.2025

жаратылыш - Аллахтын аманаты катары сүрөттөлүп, адам баласынын милдети - аны сактоо жана коргоо экени баса белгиленет. Мисалы, Аллах Таала *“Биз жер жүзүндө тең салмактуулукту орноттук”*[6] деп билдирет, бул - экологиялык адилеттүүлүктүн диний негизин көрсөтөт.

Диний жамааттар аркылуу климаттык билим берүүнү, маалымдуулукту жана активдүүлүктү жогорулатуу - жарандык коом менен мамлекеттик органдардын ортосундагы кызматташтыкты бекемдеп, элдин ишенимдүү булактары аркылуу экологиялык жүрүм-турумду калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул багытта мечиттер, медреселер, диний уюмдар жана имамдар - климаттык темаларды диний нускама менен айкалыштырып, элге жеткиликтүү жана ишенимдүү формада түшүндүрүүчү платформа катары кызмат кыла алат.

Мындай ыкма - климаттык саясатты элге жакындатуу, диний-руханий баалуулуктар аркылуу экологиялык жоопкерчиликти арттыруу жана жамааттык аракеттерди мобилизациялоо үчүн натыйжалуу механизм катары каралууга тийиш. Андыктан, бул аналитикалык баяндамада Ислам дининин экологияга карата көз карашы, илимий жана диний булактардын кесилиштери, ошондой эле практикалык сунуштар талданып, тиешелүү органдарга багытталган сунуштар иштелип чыгат.

## II ДИН БУЛАКТАРЫНА ЭКОЛОГИЯНЫ КОРГОО ЖААТЫНДА СЕРЕП САЛУУ

Ислам дини - жаратылыш менен адамдын мамилесин адеп-ахлак, жоопкерчилик жана аманат түшүнүктөрү аркылуу жөнгө салган рухий тутум. Айлана-чөйрө - Аллах Тааланын жаратуусу катары ыйык саналат, ал эми адам - бул аманаттын сактоочусу. Куран аяттары, пайгамбар хадистери жана аалымдардын пикирлери - адам баласынын жаратылыш менен болгон мамилесин жөнгө салууда маанилүү булак боло алат.

### Диндердеги айлана-чөйрө менен байланышкан принциптер

Адамдар айлана-чөйрө менен байланышта өздөрүн эркин сезишет, бирок табигатка байланыштуу аярлуу мамиле кылбастан натыйжаларына да жооп берүүгө аргасыз болушат. Диндер, адам-айлана-чөйрө мамилесин, бүгүнкү күнгө чейин жеткен коркунучтуу деңгээлге жете электе алдын алуу үчүн насааттарды сунуштаган. Жер бетинде бүгүнкү күндө жашаган адамзаттын 80%дан ашыгы диний ишеними бар. Көпчүлүгү Индуизм, Буддизм, Иудаизм, Христианчылык жана Ислам ишенимдерин карманышат. Индизм, Буддизм жана Жайнизм сыяктуу диндерде, “айлана-чөйрөгө урмат жана табигатка шайкеш келүү” принциптери орун алган. “Эч кандай жандуу жаныбарга зыян келтирбөө” деген ахимса ишеними, адамдардын бири-бири менен жана башка жандуу жандыктарга жана табигатка каршы бардык түрдөгү зомбулукту жокко чыгарат.

Христиандык ишенимге ылайык, Кудай жер бетинин жоопкерчилигин адамзатка берген. Өкүм кылуу принцибине ылайык, жердеги жаныбарларга, өсүмдүктөргө, да экологиялык түзүлүшкө ээлик кылууга ылайык адам, бул бийликти кабыл алып, экологиялык системаны коргоо жоопкерчилигин да өзүнө алат. Эгерде адам дүйнөнүн

[6] Рахман сүрөөсү, 7-аят

жалпы түзүлүшүн коргобосо, Теңирге каршы чыккан болуп саналат. Теңирдин макулуктарына сый көрсөтпөгөн болот.

Ислам дини, жаратылыш менен адамдын мамилесин адеп-ахлак, жоопкерчилик жана аманат түшүнүктөрү аркылуу жөнгө салган. Айлана-чөйрө - Аллах Тааланын жаратуусу катары ыйык саналат, ал эми адам ал аманаттын сактоочусу. Куран аяттары, пайгамбар хадистери жана аалымдардын пикирлери адам баласынын жаратылыш менен болгон мамилесин жөнгө салууда маанилүү булак боло алат.

Кудай табиятты бир тартипте жана тең салмактуулукта жараткан. Бул тартип жердеги жаныбарлардын жашоосун улантууга эң ылайыктуу жана эч кандай кемчилиги жок. Бул тартип жана тең салмактуулук “айлана-чөйрөнүн тең салмактуулугу” деп аталат. Бул абал кээ бир аяттарда мындайча айтылат:

***"Чындыгында биз ар нерсени өлчөмү менен жараттык"*** [7]

***"Аллах асманды көтөрдү жана тең салмакты койду. Тең салмакты бузбагыла"*** [8]

***"Көзүңдү бур, бир кемчилик көрүнүп турабы? Анан кайра-кайра буруп көр. Акырында көзүңүз чарчап, талып калат"*** [9]

***"Жерди төшөп, ага тоолорду тигип, бардык нерселерди өлчөмү менен жараттык"*** [10]

**Экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу жана айлана-чөйрөнүн булганышы**

Бүгүнкү күндүн эң чоң көйгөйлөрүнүн бири - экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу жана айлана-чөйрөнүн булганышы. Кудай адамдан табигый айлана-чөйрөнү жана экологиялык тең салмактуулукту сактоону, алардын табигый тартибин бузбоону талап кылат. Болбосо, адам өзү ошол зыянга учураарын мындайча билдирет:

***"Адамдардын кылган жамандыктары үчүн жер жүзүндө жана деңизде бузулуулар пайда болду. Ага кайтуусу үчүн Алла кылган иштеринин кээ бир жаман натыйжаларын көргөзөт"*** [11]

Бул аят жалпы экосистеманын бузулушу жана булганышы адамдын өзүнөн келип чыгаарын көрсөтөт. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө эрозия, абанын, суунун жана деңиздердин булганышы, жамгырлардын кечигүүсү, климаттын өзгөрүшү сыяктуу көйгөйлөрдүн бар экенин, бул аяттарда адамзатка эскертип жатканын көрөбүз.

Жаратылышты бир тартипте жараткан Кудай, аны адамзаттын пайдалануусу үчүн берген жана адамды башка жаныбарлардын башкаруучусу кылып дайындаган. Адам бул үчүн Кудайга ыраазычылыкты көрсөтүүсү боюнча аятта төмөндөгүдөй айтылган:

***"Чындыгында биз сени жерге жайгаштырдык жана анда сага жашоонун мүмкүнчүлүктөрүн бердик. Силер ыраазычылык көрсөтө бербейсиңер"*** [12]

---

[7] Камар сүрөөсү, 49-аят
[8] Рахман сүрөөсү, 7-8-аяттар
[9] Мүлк сүрөөсү, 3-4-аяттар
[10] Хижр сүрөөсү, 19-аяттар
[11] Рум сүрөөсү, 41-аят
[12] Аъраф сүрөөсү, 10-аят

Бул аяттарда айлана-чөйрөнү таза сактап, берилген ыраазычылыкка ыйман келтирүү керектиги баса белгиленет. Демек, айлана-чөйрө көйгөйлөрүнө сезимтал мамиле кылуу - жеке жана коомдук милдет.

**Айлана-чөйрөнү тазалоо**

Кудай айлана-чөйрөнү адамга кызмат үчүн жараткан. Демек, адам өзүнө кызмат кылган көчөлөрдү, сейил бактарды, токойлорду, сууларды, көлдөрдү, деңиздерди жана жалпы табигый чөйрөнү таза кармоо менен алектениши керек. Анткени адамсыз айлана-чөйрө жана башка жаныбарлар жашоосун уланта алат, бирок айлана-чөйрөсүз адамдын жашоосу мүмкүн эмес.

Тазалык тууралуу Куранда көп жолу айтылган. Куранда, *“Кийимиңди таза карма”*[13]деген сөздөр тазалыктын маанисин көрсөтөт.

Алла Таала тазаланганды жакшы көрө турганын төмөнкү аятта мындай дейт:

***“Алла ыйман келтиргендерди жана таза болгон адамдарды жакшы көрөт”***[14]

Аллах бизге асмандан таза суу жаадырып, тазаланууга жардам берет:

***"Алла сиздерге асмандан суу түшүрүп, тазаланууңузга шарт түзөт"***[15]

Пайгамбар Мухаммед (с.а.в.) да айлана-чөйрөнү таза кармоого чоң маани берген. Ал мындай деп айткан: ***“Тазалык ыймандын жарымы”***[16]

***"Үммөтүмдүн иштеринин жакшы-жаманы мага көрсөтүлгөндө, жакшы иштеринин ичинде жолдон алынган зыяндуу тоскоолдукту алып койуу бар экенин көрдүм, начар иштеринин ичинде болсо мечитте көмүлбөгөн түкүрүк бар эле"***[17]

Бул хадисте Пайгамбар Мухаммед (с.а.в.) айлана-чөйрөнү таза кармоо же булгап таштоо маселесинде эң кичине деталдын дагы Кыямат күнү жакшылык же жамандык катары эсепке алынарына көңүл бурууда. Көп учурда, момпосуйдун сыртын, чылым, семичкенин кабыгын же өзүбүзгө маанисиз көрүнгөн нерсени жолго таштап жиберебиз. Мындай кылганыбыз үчүн жоопко тартыларыбыз оюбузга да келбейт. Бирок бул кыймыл, биз ойлогондой жөнөкөй бир аракет болбосо да, анын ичинде тар мааниде - адамдын укугуна, кең мааниде болсо - коомдук укукка тиешелүү жоопкерсиздик жана кайдыгерлик жатат.

Экинчи жагынан көчөдөгү кичинекей таштандыны көрүп кайгырган жана мүмкүнчүлүгү жетишинче аны тазалоого аракет кылган адамдар да бар. Бул эки адам түрүн салыштырганда, жетилген адам менен кайдыгер, жоопкерсиз адамдын ортосундагы айырманы жакшы түшүнө алабыз.

Пайгамбар айлана-чөйрөнү булгоо да күнөөнүн түрү экенин айтып, андай иштен сактанууну эскертет.

Пайгамбар дагы бир сөзүндө:

---

[13] Муддассир сүрөөсү, 4-аят
[14] Бакара сүрөөсү, 222-аят
[15] Анфал сүрөөсү, 11-аят
[16] Муслим, Тахара, 1, I: 203
[17] Муслим: Масажид, 57, I, 390

***“Наалатталган эки нерседен сактангыла! Сахабалар: “Алар эмне?” - деп сураганда, “Адамдар жүргөн жолго же алардын көлөкөсүнө заара ушатуу”*** - деп жооп берген[18]

Бул сөз бүгүнкү күндө адамдардын сейил бактарда, парктарда таштап кеткен калдыктарын жана табигый жайларды кирдетүү кандай жаман иш экенин көрсөтөт.

Динде, айлана-чөйрөнү таза сактоо садага берүүгө барабар. Ал тууралуу:

“Жолдон зыяндуу нерселерди алып салуу садага берүүгө барабар”[19]

Бул хадисте жолдогу кадам таштаган токойдон, үйдөн чыккан кирлерден, малдын калдыктарынан, транспорттун ызы-чуусуна чейин бардык зыяндуу нерселерди тазалоо милдети бар экени айтылат.

**Айлана-чөйрөнүн бузулушу**

Бул дүйнөдө бизге берилген нерселерди өз муктаждыгыбызга жараша колдонуп, ысырап кылбоо керек. Эгер ысырап кылсак, экологиялык тең салмактын бузулушуна себеп болобуз. Экологиялык тең салмактын бузулушу болсо, табиятта ден соолукка зыян келтирген чөйрөнүн пайда болушуна, бул болсо жандыктарды тең салмактуу жашоону улантууга тоскоол болот.

Мисалы, аңчылык кылган адам, муктаждыгы жок болсо да, аңчылык жаныбарларын өлтүрүү, отун үчүн дарактарды кесип, жаш дарактарды ордуна кайра отургузбагандар экологиялык тең салмактын бузулушуна алып келет. Табигатка коркунуч туудурган химиялык заттардын ташталышы дагы бир ашкере аракет болуп саналат. Бул ишти Кудай жана Пайгамбарлар айыпташкан.

Бул маселеге байланыштуу айрым аяттар жана хадистер төмөнкүчө:

***“Силерге берген ырыскыбыздын жакшылары менен жегиле, анда ашкере кетпегиле, болбосо менин каарым силерге түшөт. Менин каарым түшкөн адам, чындыгында, жок болот”***[20]

Жогоруда айтылган ашкере аракеттер ушул аятта айтылып, айыпталган. Башка бир аятта ашкере кеткендер шайтанга тууган катары сүрөттөлгөн:

***“Чындыгында, ысырап кылгандар шайтанга туугандар. Шайтан болсо, Раббисине каршы өтө наараазы.”***[21]

Пайгамбар куштардын уяларынын бузбоону, жумуртка же балапандарын албоону буйруган. Эне куш көрүп турганда, уяларынан балапандарын алып келген адамга Пайгамбар:

***“Аларды алган жериңе алып барып, энеси калтыргандай (уяларына) кой”*** деп айткан[22]

---

[18] Муслим, Тахара, 68, I, 226
[19] Муслим, Зекет, 56, I, 699
[20] Таха сүрөөсү, 81-аят
[21] Исра сүрөөсү, 27-аят
[22] Абу Дауд, Жаназалар, 1, III, 469

Адамдардын чөйрөгө болгон жоопкерчиликтеринин көптөгөн түрлөрү бар. Алардын арасында эң маанилүүлөрү бар. Башкача айтканда, “чөйрөгө болгон жоопкерчилигибиздин эң сезимтал жери кайсы?” деп өзүбүзгө суроо берсек, анын дарак жана жашыл чөйрөнү коргоо экенин айта алабыз.

**Жаратылышты коргоо боюнча кеңештер**

Дүйнө жашоосунун ажырагыс ырыскыларынын бири бак-дарактар болуп эсептелет. Өпкөлөрүбүзгө кычкылтек жеткирип, эрозияны алдын алып, сел сууларынан жерлерибизди коргоп, тамырынан, жалбырагынан, жыгачынан, гүлүнөн, мөмөсүнөн, көлөмүнөн, жытынан, сулуулугунан пайдалана турган бир ырыскы болуп саналат.

Ислам үйрөтүүлөрү арасында дарак жана жашылчалар сүйүүсүнүн таң калаарлык мисалдарынан сөз кылууга болот. Чындыгында, Кур'ан-Каримде бейиш сүрөттөлгөндө мөмөлөр жана анарлар, инжир жана зайтун, дан азыктары, жүзүмдөр, дарактар, банан дарактары, агып жаткан суулар айтылат.

***“Алардын астынан дарыялар агып жаткан бейиштер”*** деген аят, жыйырмадай жерде кездешет. Бейиш сүрөттөлгөндө бак, бакча, өсүмдүктөр, агып жаткан суулар жана жашыл чөйрө айтылат. Тозок тууралуу айтылганда болсо жашыл чөйрө тууралуу аталыштар жок.

Бир жолу Пайгамбар Зукад согушунан Мадина жакындагы Зурейбут-Тавил деген жерге келгенде, андагы айрым адамдар:

"Эй Аллахтын Пайгамбары! Бул жерде биздин төөлөрүбүз жана койлорубуз оттойт, аялдарыбыз да сейилдей турган жай." - деп айтышкан. Пайгамбар аларга: ***"Ким бул жерден дарак кыйса, ал дарактын ордуна жаңы дарак отургузсун!"*** - деген буйрук берген. Ошентип көп өтпөй бул аймак жашыл токойго айланган[23]

Пайгамбар жашыл аймактарды сактоо жана дарак отургузуу милдетин мусулмандардын маанилүү жана гуманитардык милдети катары көрсөткөн.

Дагы бир хадисте:

***"Кыямат келгенде, эгер кимдир бирөөнүн колунда дарактын көчөтү болсо, ал аны кыяматка чейин отургузууга мүмкүнчүлүгү жетсе, дароо отургузсун"***[24]

***"Бир мусулман дарак отургузса же жашылча эксе, андан канаттуулар, адамдар же жаныбарлар жесе, бул анын үчүн садака болуп эсептелет"***[25]

Азирети Умар убагында токойлорду сактоо, экологиялык балансты коргоого чоң маани берген эле. Бул тууралуу Зияд мындай деп айтат: Ал Осман бин Мазъундун азат кылынган кулу болчу. Мазъун үй-бүлөсүнүн Херре деген жердеги жери ошол азат кылынгандардын башкаруусунда болчу. Зияд мындай дейт: Омар бин Хаттаб күндүн ортосунда кээде башын чепкен менен жаап алып, менин жаныма келчү, жаныма отуруп сүйлөшчү. Мен ага бадыраң жана жашылча алып келип берчүмүн.

---

[23] Ахмад Балазури,Футухул-Булдан, I, 17. Байрут, 1958
[24] Ахмад Балазури, III, 191, 184)
[25] Бухари, Харс ва Музара, 1, III, 66

Бир күнү Омар мага мындай деди:

*“Ордуңдан жылба, мен сени бул жерлердин башкаруучусу кылып дайындадым. Мадина айланасындагы дарактарды үзүүгө же кыюуга эч кимге уруксат бербе. Эгер бирөө дарактарга тийсе, анын жибин жана балтасын алып кой”*, – деди. Мен андан:
*“Кийимин да алып коёлубу?”* – деп сурадым. Ал болсо:
*“Кийимине тийбе*”, – деди[26]

Табигый тең салмактуулуктун сакталышында дарак менен токойлордун ролу өтө маанилүү. “Жаш дарακты кескен - баш кескен менен барабар” деген макал бар. Бул жашыл аймактардын сакталышы керек экенин таамай баяндап турат. Анткени токойлор экосистеманын өпкөсү болуп эсептелет. Он гектар карагай токойу бир жылда кырк тонна таза кычкылтек өндүрө алат, бир кайың дарагы кырк адамдын бөлүп чыгарган көмүр кычкыл газын тазалоого жетет.

Жыйынтыктап айтканда, чөйрөнү, өзгөчө дарактарды жана жашылчаларды сактоо жана таза кармоо - бул бизге жүктөлгөн диндик жана адамдык милдет. Чөйрөнү булгаганыбызда, бул бир гана табиятка эмес, ошондой эле ошол чөйрөдө жашаган башка жаныбарларга жана адамдарга да зыян келтирүү болуп саналат.

Динде адамга берилген ар бир нерсе Алланын бир ырыскысы жана аманаты деп айтылат. Алар үнөмдүү жана таза колдонулушу керек. Болбосо, аманатка кол салган болуп, жоопко тартылат.

***"Биз айлана-чөйрөгө кандай мамиле кылышыбыз керек?"*** деген суроо пайда болсо, эки нерсе маанилүү: тазалык жана ырыскыны керектөөнүн өлчөмүн билүү. Куранда жана Пайгамбардын сүннөтүндө бул эки маселе кеңири каралганын көрдүк. Эгер бул үйрөтүүлөр туура аткарылса, Кудайдын бизге тапшырган айлана-чөйрөгө туура мамиле жасалган болуп эсептелет.

## III ДИН ЖАНА ИЛИМИЙ БУЛАКТАРДЫН КЕСИЛИШИН ТАЛДОО

Климаттык өзгөрүүлөр - глобалдык деңгээлдеги көп кырдуу көйгөй болуп, анын алдын алуу жана адаптациялоо аракеттери илимий, социалдык жана маданий чөйрөлөрдү камтышы зарыл. Диний институттар - коомдук ишенимге ээ, кеңири аудиторияга таасир эте алган структуралар катары - климаттык билим берүүнүн маанилүү өнөктөштөрү болуп саналат. Бул бөлүмдө дин менен илимдин өз ара байланышы, алардын климаттык билимди жайылтуудагы кошкон таасири, эл аралык тажрыйбалар жана тиешелүү адабияттар талданат.

### Илимий негиздер жана климаттык билим берүүнүн актуалдуулугу

Илимий изилдөөлөр климаттык өзгөрүүлөрдүн себептерин, таасирин жана алдын алуу жолдорун так аныктап келет. *IPCC (Intergovernmental Panel on Climate Change)* тарабынан жарыяланган акыркы баяндамаларда [27] температуранын өсүшү, суу ресурстарынын азайышы, азык-түлүк коопсуздугунун төмөндөшү жана табигый

---

[26] Ахмад Балазури, I, 12–13
[27] Изилдөөлөрдүн отчеттору боюнча IPCC Reporst расмий баракчасында берилет, [Электрондук ресурс] https://www.ipcc.ch/reports/, (кайрылган күнү: 21.10.2025)

кырсыктардын интенсивдүүлүгү кеңири талданган.[28] Бул өзгөрүүлөргө адаптациялоо жана алдын алуу аракеттери - илимий негизде жүргүзүлүшү керек.

Климаттык билим берүүнү *Intersections of Religion, Education, and a Sustainable World* жыйнагында диний билим берүүгө интеграциялоо - жарандардын экологиялык аң-сезимин, жоопкерчилигин жана адаптация жөндөмүн калыптандыруунун натыйжалуу жолу катары көрсөтүлөт.[29] Ал эми IPCC баяндамаларында билим берүү жана маалымдуулук климаттык саясаттын ажырагыс бөлүгү катары көрсөтүлөт.[30] Бул билимди жогорку окуу жайлардан тышкары, коомдук жана диний чөйрөлөрдө да жайылтуу зарыл.

Жогорудагы бөлүмдө кеңири талдангандай, Ислам дини илимди үйрөнүүнү жана акыл-эсти колдонууну жогору баалайт. Куранда: *«Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?»*[31] деген аяттар көп кездешет. Хадисте: ***«Илимди үйрөнүү — ар бир мусулманга милдет»***[32] деп айтылат. Бул принциптер диний кызматкерлерге илимий маалыматтарды элге жеткирүүдө жоопкерчилик жүктөйт.

**Илимий баяндамалардын мазмунун диний кызматкерлерге ылайыкташтыруу мүмкүнчүлүктөрү**

Климаттык билимди диний чөйрөдө жайылтуу - илимий фактыларды руханий жана этикалык контекстте түшүндүрүү аркылуу жарандардын аң-сезимин жогорулатууга багытталган натыйжалуу ыкма. Диний кызматкерлер коомдук ишенимге ээ, кеңири аудиторияга таасир эте алган лидерлер катары климаттык адаптация жана билим берүү процессинде маанилүү ролду ойной баштайт. Бул багытта эл аралык илимий баяндамалардын мазмунун диний чөйрөгө ылайыкташтырып колдонуу, ошондой эле илимдин айрым тармактарын диний түшүнүктөр менен айкалыштыруу - диний чөйрөнүн экологиялык жүрүм-турумуна түздөн-түз таасир эте алат. Мисалы:

1. *Климаттын өзгөрүшү 2022: Таасирлери, адаптациясы жана алсыздыгы (IPCC, Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability)*[33] баяндамасында климаттын өзгөрүшү адамдын ден соолугуна, жашоо шарттарына, суу жана азык-түлүк коопсуздугуна олуттуу таасир этери белгиленет. Бул маалыматтар диний-этикалык контекстте төмөнкүдөй түшүндүрүлүшү мүмкүн:

- **Табиятты сактоо** - Алланын аманатын коргоо;
- **Сууну үнөмдөө** - руханий жоопкерчилик;

[28] IPCC, *Climate Change 2023: Synthesis Report*, Contribution of Working Groups I, II and III to the Sixth Assessment Report of the Intergovernmental Panel on Climate Change [Core Writing Team, H. Lee and J. Romero (eds.)]. IPCC, Geneva, Switzerland, pp. 35-115, doi: 10.59327/IPCC/AR6-9789291691647

[29] Sally Windsor, Olof Franck, *Intersections of Religion, Education, and a Sustainable World,* Springer, 2025

[30] IPCC, *Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability,* 4-бөлүм, Contribution of Working Group II to the Sixth Assessment Report of the Intergovernmental Panel on Climate Change [H.-O. Pörtner, D.C. Roberts, M. Tignor, E.S. Poloczanska, K. Mintenbeck, A. Alegría, M. Craig, S. Langsdorf, S. Löschke, V. Möller, A. Okem, B. Rama (eds.)]. Cambridge University Press. Cambridge University Press, Cambridge, UK and New York, NY, USA, 3056 pp., doi:10.1017/9781009325844.

[31] Бакара сүрөсү, 44-аят; Аль-Аъраф сүрөсү, 169-аят; Йусуф сүрөсү 109-аят, Ан-Нахль сүрөсү, 12-аят.

[32] Сунан ат-Тирмизи, Илим изилдөөнүн жакшылыгы тууралуу бөлүмү, 2646; Сунан Ибн Мажа, Мукддима (Кириш бөлүмү), 224.

[33] IPCC, *Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability* изилдөөсүнүн отчету

- **Адамдын ден соолугун сактоо** - диний милдет катары түшүндүрүлүп, диний кызматкерлер тарабынан жеткирилсе, экологиялык жүрүм-турумду калыптандырууда өбөлгө түзөт.

2. *Жакынкы мөөнөттүү реакциялар жана билим берүү (IPCC, Climate Change 2023: Synthesis Report,* 4-бөлүм - *"Near-Term Responses in a Changing Climate")*[34] бөлүмүндө- климаттык өзгөрүүлөргө тез жана натыйжалуу жооп кайтаруу үчүн билим берүү жана маалымдуулуктун ролун баса белгиленет. Бул мазмун диний чөйрөдө төмөнкүдөй колдонулушу мүмкүн:

- Жума хутбаларында экологиялык темаларды көтөрүү;
- Медреселерде климаттык билимди ислам этикасы менен айкалыштырып берүү;
- Диний чөйрөнү экологиялык жоопкерчиликке үндөө аркылуу натыйжалуу колдонулушу мүмкүн.

3. *Адаптация жана жергиликтүү аракеттер (IPCC, Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability,* 17-бөлүм - *"Decision-Making Options for Managing Risk")*[35] бөлүмүндө - жергиликтүү деңгээлде тобокелдиктерди башкаруу жана адаптациялоо жолдору сунушталат. Бул мазмун диний кызматкерлер аркылуу төмөнкүдөй практикалык иш-чараларга айландырышы мүмкүн:

- Мечиттерде суу үнөмдөө жана таштандыларды бөлүү боюнча иш-чараларды уюштуруу;
- Салттуу диний түшүнүктөрдү экологиялык жоопкерчилик менен айкалыштыруу;
- "Таза мечит" же "экологиялык жума" сыяктуу акцияларды өткөрүү аркылуу практикалык натыйжага айландырышы мүмкүн.

4. *Дин, билим берүү жана туруктуу өнүгүү кесилишиндеги эл аралык тажрыйбалар (Sally Windsor & Olof Franck, Intersections of Religion, Education, and a Sustainable World* (Springer, 2025)) жыйнагында Швеция, Улуу Британия жана Индия сыяктуу өлкөлөрдө диний билим берүү программаларына экологиялык мазмун кошулуп жаткандыгы мисал келтирилет. Мисалы, Швецияда диний сабактарда жаратылышты сактоо темасы этикалык милдет катары каралат. Бул тажрыйбалар Кыргызстандын диний чөйрөсүнө төмөнкүдөй жолдор менен локалдаштырылышы мүмкүн:

- Медреселердин программасына экологиялык темаларды кошуу;
- Диний лидерлерге экологиялык билим берүү боюнча тренингдерди өткөрүү;
- Эл аралык тажрыйбаны адаптациялоо менен улуттук контекстке ылайык окуу модулдарын иштеп чыгуу.

Илим жана дин - экологиялык билим берүүнүн эки өзүнчө булагы эмес, бири-бирин толуктаган, максаттары дал келген системалар. Диний кызматкерлер илимий маалыматты руханий нускама менен айкалыштырып, элге жеткиликтүү жана ишенимдүү формада түшүндүрө алат. Бул - климаттык билимди жайылтууда, жамааттык активдүүлүктү арттырууда жана туруктуу өнүгүүгө салым кошууда натыйжалуу ыкма болуп саналат.

---

[34] IPCC, *Climate Change 2023: Synthesis Report* изилдөөсүнүн 4.*"Near-Term Responses in a Changing Climate"* бөлүмү

[35] IPCC, *Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability* изилдөөсүнүн 17.*"Decision-Making Options for Managing Risk"* бөлүмү

## IV ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

Кыргыз Республикасында экологиялык аң-сезимди жана климаттык билимди дин кызматкерлери аркылуу жайылтуу – мамлекеттик саясатты элге жакындатуу, диний баалуулуктар менен айкалыштыруу жана жамааттык активдүүлүктү арттыруу үчүн натыйжалуу ыкма. Бул максатта төмөндөгү багыттар боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү сунушталат:

1. **Дин кызматкерлеринин потенциалын өнүктүрүү**

- Диний билим берүү мекемелеринде (ислам институттары, медреселер, диний окуу борборлору) экологиялык билим боюнча атайын модулдарды киргизүү;
- Имамдар жана дин кызматкерлери үчүн “Дин жана экология”, Айлана-чөйрөнү сактоонун диний негиздери” аттуу окуу курстарын уюштуруу;
- Диний уюмдар аркылуу климаттык билим берүү боюнча улуттук деңгээлдеги долбоорлорду ишке ашыруу.

2. **Коомдук маалымдуулукту жогорулатуу жана жамааттык активдүүлүктү күчөтүү**

- Мечиттерде, сыйынуу үйлөрүндө жана диний жыйындарда экология темасында баяндамалар, хутбалар жана лекциялар уюштуруу;
- Жергиликтүү жамааттар менен биргеликте көчөт отургузуу, таштанды тазалоо, суу булактарын коргоо сыяктуу практикалык ар кандай форматтагы иш-чараларды өткөрүү;
- Диний лидерлерди массалык маалымат каражаттары жана социалдык медиа платформалар аркылуу экологиялык темаларда активдүү катышуучу катары тартуу;

3. **Институционалдык кызматташтыкты өнүктүрүү**

- Диний уюмдар менен Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Агартуу Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин жана жарандык коом уюмдарынын ортосунда кызматташтык меморандумдарын түзүү;
- Эл аралык программалар менен (мисалы, UNEP, FAO, GreenFaith) өнөктөштүк долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ресурстарды бириктирүү.

4. **Мониторинг жана баалоо системасын киргизүү**

- Дин кызматкерлеринин катышуусундагы экологиялык билим берүү иш-чараларынын натыйжалуулугун баалоо үчүн индикатордук система иштеп чыгуу;
- Ар жыл сайын дин уюмдарынын экологиялык активдүүлүгү боюнча отчеттук жыйындарды өткөрүү.

Кошумча катары, төмөндөгү тиешелүү органдарга багытталган сунуштар берилет:

**КР Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттикке**

- **Диний уюмдар менен туруктуу диалог түзүү**: климаттык темалар боюнча биргелешкен семинарлар, форумдар жана окутууларды уюштуруу;
- **Мечиттерди, медреселерди экологиялык билим борбору катары өнүктүрүү**: имамдарга климаттык темалар боюнча методикалык материалдар даярдоо;
- **Диний лидерлерди мобилизациялоо**: климаттык темаларды жума хутбаларында, медреселерде жана коомдук иш-чараларда көтөрүү;
- **Диний-илимий платформаларды түзүү**: ислам аалымдары менен экологдордун ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө;

**Кыргыз Республикасынын  Агартуу министрлигине**

- **Мектеп программасына руханий-экологиялык компонент кошуу**: табигый ресурстарды сактоо темасын адеп-ахлак сабактарына киргизүү;
- **Окуу куралдарын иштеп чыгуу**: Диндердин өнүгүү тарыхы сабагына Куран аяттары жана хадистер менен айкалышкан экологиялык окуу материалдарын кошуу;
- **Мугалимдерди окутуу**: экология жана дин темасында тренингдерди уюштуруу;

**Диний уюмдар жана мечиттер**

- **Жума хутбаларында экологиялык темаларды көтөрүү**: Куран жана хадистерге таянып, жамаатка жаратылышты сактоо тууралуу түшүндүрүү;
- **Коомдук иш-чараларды уюштуруу**: бак отургузуу, тазалык күндөрү, суу ресурстарын коргоо боюнча акциялар.
- **Медреселерде экологиялык адеп-ахлакты үйрөтүү**: жаштарга жаратылышка жоопкерчиликтүү мамиле кылууну үйрөтүү;
- **Имамдар үчүн методикалык колдонмолор**: экологиялык темаларды диний нускама менен айкалыштырып түшүндүрүү үчүн колдонмо даярдоо.

**Жарандык коом жана экологиялык уюмдар**

- **Диний жамааттар менен кызматташуу**: биргелешкен долбоорлор, тренингдер жана маалымат кампаниялары;
- **Мечиттерде экологиялык стенддерди орнотуу**: визуалдык маалыматтар аркылуу жамааттын маалымдуулугун жогорулатуу;
- **Диний лидерлерди медиа аркылуу колдоо**: имамдардын климаттык темадагы билдирүүлөрүн социалдык-медиа платформаларда жайылтуу;
- **Жамааттык демилгелерди колдоо**: жергиликтүү деңгээлде жаратылышты коргоо боюнча жамааттык аракеттерди уюштуруу.

Климаттык билимди дин кызматкерлери аркылуу жайылтуу -Кыргызстанда экологиялык аң-сезимди жогорулатуу үчүн ишенимдүү жана натыйжалуу ыкма. Ар бир орган өзүнүн багытында иш алып баруу менен, жамааттык жоопкерчиликти арттырып, жаратылышты сактоо боюнча улуттук аракеттерди бекемдей алат.

## V КОРУТУНДУ

Дин жана экологиянын байланышы – адамдын табият менен болгон өз ара мамилесин руханий жана моралдык негизде калыбына келтирүүнүн маанилүү булагы болуп саналат. Эл аралык тажрыйбалар көрсөткөндөй, дин кызматкерлери коомдогу ишенимдүү жана ыйгарымдуу лидер катары жаратылышты сактоо, климаттык туруктуулукту камсыз кылуу жана экологиялык адилеттик принциптерин жайылтууда өзгөчө ролго ээ.

Кыргызстан сыяктуу жаратылыш ресурстары бай, бирок климаттык өзгөрүүлөргө сезимтал өлкө үчүн бул тажрыйбаны колдонуу өтө маанилүү. Дин кызматкерлеринин үнү, алардын коомго моралдык таасири жана эл менен болгон ишенимдүү байланышы – экологиялык саясаттын коомдук деңгээлде ишке ашуусун камсыздоонун негизги факторлорунун бири. Эгер дин институттары, мамлекеттик мекемелер жана жарандык коом биргелешип иш алып барса, экологиялык аң-сезимди жогорулатуу улуттук деңгээлде туруктуу натыйжа берет.

Климаттын өзгөрүшү – бул адамзаттын келечегине түздөн-түз коркунуч жараткан глобалдык көйгөй. Кыргызстан сыяктуу тоолуу жана экологиялык жактан сезимтал өлкө үчүн климаттык өзгөрүүлөрдүн таасири өзгөчө олуттуу. Суунун тартыштыгы, жайыттардын деградациясы, табигый кырсыктардын көбөйүшү жана биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушу – бул көйгөйлөргө комплекстүү, көп тараптуу жана ыймандык-этикалык жооп талап кылынат.

Ислам дининин экологияга карата көз карашы – табиятка болгон мамилени жөнгө салууда руханий, моралдык жана практикалык негиз болуп саналат. Куран жана хадистерде жаратылыш Аллахтын аманаты катары сүрөттөлүп, адамдын милдети – ошол аманатты сактоо, коргоо жана ыраазычылык менен пайдалануу экени баса белгиленет. «Тазалык – ыймандын жарымы» деген Пайгамбардын хадиси экологиялык жоопкерчиликти диний милдет катары түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Демек, айлана-чөйрөнү сактоо жана табият менен гармонияда жашоо – бул жөн гана экологиялык талап эмес, руханий милдет.

Илимий булактар менен диний түшүнүктөрдүн айкалышы – климаттык билимди жамааттар арасында натыйжалуу жайылтуунун негизги мүмкүнчүлүгү. IPCC баяндамаларында көрсөтүлгөн илимий фактыларды диний-этикалык контекстте түшүндүрүү жарандардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир эте алат. Диний кызматкерлер климаттык адаптация жана экологиялык билим берүүнүн негизги өнөктөштөрү болуп, мечиттерди, медреселерди жана диний уюмдарды билим берүү платформаларына айланта алышат.

Мындан тышкары, эл аралык тажрыйба – экологиялык темаларды диний билим берүү программаларына киргизүү, “экологиялык жума”, “таза мечит”, “таза диний окуу”, “таза айлана-чөйрө” сыяктуу акцияларды уюштуруу, диний лидерлерге экология боюнча

тренинг өткөрүү – коомдук аң-сезимди жогорулатуунун натыйжалуу жолдору экенин көрсөтүп турат. Кыргызстанда бул тажрыйбаны улуттук, маданий жана диний контекстке ылайыкташтыруу – климаттык сабаттуулукту жогорулатуу жана жамааттык жоопкерчиликти күчөтүү үчүн маанилүү кадам.

Демек, дин жана илим – бири-бирин толуктаган, жалпы максаты адамзаттын жана жаратылыштын тең салмактуу жашоосун камсыз кылуу болгон эки багыт. Ислам дининин экологиялык принциптерин илимий билим менен айкалыштыруу – Кыргызстанда климаттык туруктуулукту камсыз кылуу, элдин аң-сезимин жогорулатуу жана жаратылышка аяр мамилени өнүктүрүүдө күчтүү идеологиялык жана практикалык инструмент болуп бере алат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда дин кызматкерлери аркылуу климаттык билимди жайылтуу, экологиялык адеп-ахлакты калыптандыруу жана жамааттык активдүүлүктү арттыруу – айлана-чөйрөнү коргоонун жаңы маданиятын түзүүгө өбөлгө болот. Бул багыттагы иш-аракеттер улуттук стратегиялар менен шайкеш жүргүзүлсө, өлкөдө экологиялык жоопкерчиликке негизделген түшүнүктү калыптандырууга жана туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө өбөлгө түзөт.

## VI ПАЙДАЛАНЫЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ (ДИН БУЛАКТАРЫНАН ЦИТАТА КЕЛТИРИЛГЕН УЧУРДА, НЕГИЗГИ (ТҮПКҮ) БУЛАККА ШИЛТЕМЕ БЕРҮҮ).


1. **IPCC (Intergovernmental Panel on Climate Change)**, *Climate Change 2022: Impacts, Adaptation and Vulnerability*, Cambridge University Press, 2022.
2. **IPCC**, *Climate Change 2023: Synthesis Report*, Cambridge University Press, 2023.
3. **Sally Windsor & Olof Franck (eds.)**, *Intersections of Religion, Education, and a Sustainable World*, Springer, 2025.
4. **Абу Дауд**, *Сунан Абу Дауд*, “Жаназалар”, 1, III, 469.
5. **Ахмад Балазури**, *Футухул-Булдан*, Т. I, 17-б., Байрут: Дар ул-Кутуб, 1958.
6. **БУУ**нун Өнүктүрүү программасынын расмий сайты: https://www.undp.org/ky/
7. **Бухари**, *Сахих Бухари*, “Харс ва Музара”, 1, III, 66.
8. **“Кут Билим”** Кыргыз Республикасынын Агартуу министрликтин медиа борборунун сайты: https://kutbilim.kg/
9. **Муслим**, *Сахих Муслим*, “Тахара”, 68, I, 226.
10. **Сунан ат-Тирмизи**, “Илим изилдөөнүн жакшылыгы тууралуу бөлүмү”, №2646.
11. **Сунан Ибн Мажа**, *Муккаддима (Кириш бөлүмү)*, №224.
12. **Ыйык Куран** маанилеринин кыргызча котормосу менен. 2009., Басма басма үйү 624 б.
13. **Юстиция министрлигинин** расмий сайты: https://cbd.minjust.gov.kg/